**Ош Мамлекеттик Университетинин Физика-техника факультетинин 550200 “Физика-математикалыу билим берүү” багытынын профиль “Физика” адистигинин 4-курсунун ФЕ(б)-1-20 тайпасынын чогулушу**

27.10.2023

Ош шаары

Төрагасы: Курбаналиев М.

Катчы: Кубатбек кызы У.

Катышты: 13 студент

**Күн тартиби:**

1. Кесиптик-профилдик практиканын отчёту жөнүндө

Баяндамачы: Кубатбек кызы Уулкан

**Угулду:** Практикага жооптуу, тайпанын старостасы Кубатбек кызы Уулкан практика мезгилиндеги сабактар жөнүндө айтып төмөндөгүлөргө токтолду. “ Мен Ош шаарындагы №42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясында кесиптик-профилдик практиканы өтөө үчүн ушул окуу жылынын 18-сентябрдан 21-октябрына чейин болдум. Мага 11-а классты жетектөө менен катар 10-а жана 11-а класстарга физика предметинен сабак өтүү жүктөлдү. Сабак учурунда окуучулар сабакка активдүү катышып жатышты. Окуучулар маселе иштөөдө бир аз кыйналышты”.

**Сүйлөштү:** Студент Апсаматова Тумариза өзү бөлүнгөн мектеп жөнүндө төмөндөгүлөргө токтолду. “Класста окуучулардын саны 30дан ашык болгондугуна байланыштуу ыңгайсыздыктар көп жаралды. Тема түшүндүрүүдө, тапшырма текшерүүдө убакытты көп талап кылып жатты.Ар бир окуучу менен жекече иштешүүгө убакыт өтө тар болду. 7-класстын окуучуларына физика китеби жетишсиз. Ушул себептүү маселе иштөөдө көп кыйынчылыктар туулду.

**Токтом кылынды:** Кесиптик–профилдик практиканын жыйынтыгында студент-практиканттардын сунуш-пикирлерин эске алып окуу программасына олимпиадалык мүнөздөөчү маселелерди чыгаруу боюнча элективдик курсту киргизүү факультеттин жетекчилигине сунушталсын.

Ар бир студент-практикант 1 сабактын иштелмесин, 1 тарбиялык сааттын иштелмесин жана күндөлүктөрүн практика жетекчисине 10 күндүн ичинде тапшырсын.

Төрага: Курбаналиев М.Б.

Катчы: Кубатбек кызы У.